*Эшмамбетова Н.*

# ТАРЫХЫЙ ЧЫНДЫКТЫ КӨРКӨМ ИНТЕРПРЕТАЦИЯЛОО ЖАНА АНЫ ИЗИЛДӨӨНҮН АЙРЫМ МАСЕЛЕЛЕРИ

*Эшмамбетова Н.*

# ХУДОЖЕСТВЕННАЯ ИНТЕРПРЕТАЦИЯ ИСТОРИЧЕСКОЙ ПРАВДЫ И НЕКОТОРЫЕ ПРОБЛЕМЫ ЕЕ ИССЛЕДОВАНИЯ

*N. Eshmambetova*

# ARTISTIC INTERPRETATION OF HISTORICAL TRUTH AND SOME PROBLEMS OF ITS RESEARCH

*УДК: 821.512.154:94(575.2)*

*Макалада кыргыз романдарындагы тарыхый чындыктын көркөм интерпретацияланышын адабият таануу илиминде изилдөөнүн зарылдыгы, аны таанып-билүү үчүн керектелүүчү жагдайда каралууга тийиш болгон айрым маселелер талдоого алынат. Ал жанрдын табиятына жараша кыргыз жазуучулары кайрылган совет бийлигиндеги абал, бийликтин адабиятка жүктөгөн тапшырмаларын аткаруу максатында аткарылган жумуштар, улуттук адабиятта кездешкен жанрдык түрдү колдонууда жараткан жазуучулардын ийгиликтери, жанрды чыгармачылык менен өздөштүрүү себептери жана тарыхый чындыкты интерпретациялоо жолдору аркылуу жетишилген көркөм бийиктиктердин үлгүлөрүн издөөгө жол ачкан илимий-теориялык маселелерге учкай токтолуу менен жүргүзүлөт. Кыргыз адабиятындагы романдарда тарыхый чындыкты көркөм интерпретациялоо жумуштарына баа берүүнүн объективдүү жана субъективдүү себептери көрсөтүлөт.*

***Негизги сөздөр:** тарыхый роман, жанр, көркөм интерпретация, тарыхый элес, көркөм кабылдоо, көркөм чындык, тарыхый маалымат.*

*В статье анализируются некоторые вопросы, которые должны быть рассмотрены в свете необходимости изучения в литературоведении художественной интерпретации исторической действительности кыргызских романов, необходимости ее познания. Он затрагивает научно-теоретические вопросы, касающиеся ситуации в советской власти, к которой обращались кыргызские писатели в силу своей жанровой природы, работы, проводимой в целях выполнения задач, возложенных на литературу властью, успехов писателей в использовании жанрового многообразия, встречающегося в национальной литературе, причин творческого освоения жанра и поиска образцов художественных высот, достигнутых путем интерпретации исторических фактов. В романах кыргызской литературы указываются объективные и субъективные причины оценки работ по художественной интерпретации исторической действительности.*

***Ключевые слова:** исторический роман, жанр, художественная интерпретация, исторический образ, художественное восприятие, художественная правда, историческая информация.*

*The article analyzes some issues that should be considered in the light of the need to study in literary studies the artistic interpretation of the historical reality of Kyrgyz novels, the need for its knowledge. It touches on scientific and theoretical issues concerning the situation in the Soviet government, which was addressed by Kyrgyz writers due to their genre nature, the work carried out in order to fulfill the tasks assigned to literature by the authorities, the success of writers in using the genre diversity found in national literature, the reasons for the creative development of the genre and the search for examples of artistic heights achieved through the interpretation of historical facts. In the novels of Kyrgyz literature, objective and subjective reasons for evaluating works on the artistic interpretation of historical reality are indicated.*

***Key words:** historical novel, genre, artistic interpretation, historical image, artistic perception, artistic truth, historical information.*

Кыргыз адабият таануу илиминде тарыхый чындыкты көркөм интерпретациялоону изилдөөнүн бир катар жолдору калыптанып калганы талашсыз. Аны көп түрдүү адабий чыгармачылык калыптандырганы белгилүү. Тактап айтканда, кыргыз адабиятында эмгектенген сүрөткерлер бардык жанрда тарыхый темада өздөрүнүн чыгармаларын жараткандыктан, ал лирикадан тартып, романга чейин форманы кучагына алганы бар. Ар бир жазылган чыгарманы жазууда акын же жазуучунун проблемага өз алдынча кайрылуусу анын бир катар өзгөчөлүккө ээ болушун шарттап келет. Мисалы, бир эле роман жанрын ала турган болсок, маселеге ар кыл көз караш бар экени байкалат. Маселен, А.Токомбаев, Т.Сыдыкбеков, Т.Касымбеков, К.Осмоналиев, Э.Медербеков, Э.Турсунов ж.б. тарыхый чыгармаларын карай турган болсок, алардын роман жанрындагы көркөм изденүүлөрү бири-

биринен кескин айырмаланып турат. Ушундай эле көрүнүштү эгемендүүлүктөн кийинки тарыхый романдардан да кездештиребиз. Демек мунун өзү аталган проблеманы изилдөөгө киришүүдөн мурда бир катар маселелерди аныктоо зарылдыгын ачыкка чыгарат. Анын бири, болгондо да башкысы методологиялык принциптер экендиги анык. Эгер бул проблема туура аныкталбаса ар бир сүрөткердин илимий-теориялык жактан анализге алына турган чыгармачылыгына туура жана так баа берилбей калышы мүмкүн. Ошондуктан, сүрөткердин чыгармачылык өнөрканасынын калыптануусуна, анын эволюциялык жол менен өнүгүүсүнө туура жана жеткиликтүү баа берүү үчүн сөзсүз методологиялык принциптерди тактап алуу зарыл. Ал төмөнкүдөй кырдаалдарга байланыштуу түшүндүрүлөт:

1. Жазуучу чыгармачылыгын баштаган мезгилде кыргыз адабияты кандай көркөм-эстетикалык бийиктикте эле? Муну аныктоо үчүн ал чыгармачылыгын баштаган жана өнүктүргөн адабий процесске бир нече өңүттөн карап, кыргыз адабиятынын тарыхында ага чейин “алтын тамгалар” менен жазылып калган тарыхый романдар болгондугуна же болбогонуна объективдүү баа берүү зарылдыгын аныктоо маселеси көтөрүлөт. Ага далилдер менен объективдүү жооп берүү кыргыз адабиятынын тарыхын ушул багытта изилдеген адабиятчы-окумуштуулардын көпчүлүгү белгилеген концептуалдуу көз караштарын илимий деңгээлде жалпылоо зарылдыгы менен коштолот. Мында К.Асаналиев башында турган ХХ кылымдын 50-жылдардан кийинки адабият таануу илиминде кыргыз адабиятынын тарыхында жаңы идеялык-эстетикалык сапаттарга көтөрүлгөнүн, адамдын психологиясын ачуунун зор чеберчилигине ээ болгондугун, каармандын дүйнө таануусуна ар тараптуу иликтөө жүргүзүү тенденциясынын күч алгандыгы менен байланыштырууга аракеттенген сөзсүз эске алынышы керек [1]. Анткени булардын баары башка жанрлардай эле кыргыз романдарынын мазмундук жана формалык жаңылануусуна, жаңы көркөм бийиктиктерге багыт алуусуна маанилүү роль ойногон. Демек, кыргыз романдарынын жанрдык табиятынын көп түрдүү багытта өнүгүүсүнө өз салымын кошкон, жанрдын идеялык-эстетикалык мүмкүнчүлүктөрүн ачып, формалык касиетинин кеңейиши маанилүү роль ойногон Т.Сыдыкбековдун, К.Каимовдун, Ш.Садыбакасовдун, О.Даникеевдин, К.Жусуповдун, М.Гапаровдун, Ж.Мавляновдун, К,Жапаровдун, А.Саспаевдин, К.Осмоналиевдин, А.Стамовдун, К.Акматовдун бул жанрдагы изденүүлөрүндө орун алган чындыкты сүрөттөө ыкмаларынан тарыхый романдагы көркөм интерпретациялоону бөлүп кароо керектиги да аталган принциптин бир тарабы экенин эсте сактоо керек.

2. Кыргыз адабиятындагы адабий-эстетикалык жаңылануну Ч.Айтматовдун чыгармаларына байланыштырып жүрүшөт [2]. Чынында ошол жылдары адабиятка келген Т.Касымбеков, К.Осмоналиев, ж. б. сыяктуу чыгармачыл жаштардын тарыхый жана турмуш чындыгын көркөм чагылдыруунун ички сырларын өздөштүрүп, анын диалектикасын конкреттүү көркөм-аналитикалык чеберчилик менен берүү маселеси жолго коюуга жетишкенин да эстен чыгарууга болбойт. К.Артыкбаев белгилегендей [3], жазуучулардын дүйнө кабылдоосунун профессионалдык деңгээлге чыгышы, ошол мезгилде СССРдин курамында турган элдердин көркөм-эстетикалык ой жүгүртүүсүн кабылдоо, ал учурда маанилүү орду бар адабий каармандын түзүү, аны дүйнө элдеринин алдыңкы адабий тажрыйбаларына таянып өнүктүрүү, анын негизинде романда идеялык-тематикалык, жанрдык-стилдик изденүүлөрдү жүргүзүү адабий процесстеги негизги тенденция болсо, анын тарыхый чындыкты ар бир жаңы чыгармада көркөм интерпретациялоо иштеринде өз ордун тапканын айтпай коюуга болбойт. Маселен, Ч.Айтматовдун аңгеме, повесттеринде (“Ак жаан”, “Түнкү сугат”, «Биринчи мугалим», «Саманчы жолу», «Кызыл жоолук жалжалым», «Жаныбарым, Гүлсары!», «Ак кеме», «Эрте келген турналар» ж. б.) да тарыхый чындыкты элеси бар экени талашсыз. Бирок алардан тарыхый чындыкты издөө кандай калпыстык болсо, өткөн доордун тарыхый элесин көркөм чыгармага түшүрүүдө анын мотодологиялык принциптерин сактоо зарылдыгына таянуу ошондой эле маанилүү болуп саналат. Ал көркөм образдардын тарыхый мазмунда ачылышына, тарыхый тематиканын проблемасына ылайык иштелишине тикелей көз каранды экенин эске алуу менен мазмундук жактан романда тарыхый окуялардын ынанымдуу сыйымдуулукта берилишин, ага ылайык психологизм, лиризм, драматизм, ж.б. маселелердин доордун жүзүн ачкан коомдук-саясий белгилерин табуу аракетине көз карандылыгы турганын жокко чыгарууга болбойт. Ошондой эле тарыхый-турмуштук проблемаларга басым жасап, адабий чыгармачылыкта көркөм публицистиканын, мемуардык баяндоолордун, документалдуулуктун, ал тургай жеке адабий портреттерди түзүүнүн элементтерин колдонуп, роман жанрында коомдук-саясий, тарыхый-социалдык өнүгүштү чагылдыруу аркылуу жанрдын ар түрдүүлүгүн, идеялык-тематикалык, көркөмдүк мүмкүнчүлүктөрүн кеңейтүү максатында кыргыз турмушуна кайрылып, андан улуттук тарыхтын реалдуу образын түзүү аракетинде жазылган «Даңкка жараша жүк», «Хан-Теңирлик чабан», «Жылдызкан», «Турмуш элеги», «Өзгөргөн өрөөн», «Бийиктик», «Дыйкандар», «Түркүн тагдырлар» ж.б. романдардын мисалында камтылып

келе жаткан тарыхый чындыкты интерпретациялоо багытында айтылып келе жаткан көз караштардын илимий негиздүүлүгүн тактоо да керек болууда.

3. Азыр кыргыз адабият таануу илиминде тарыхый чындыкты көркөм интерпретациялоо багытында өзүнчө табиятка ээ романдын "өмүр баяндык" жана "тарыхый документалдык" деген аталыш менен берилип жүргөн көз караш кездешет. Учурда алардын айрымдары («Телегей», «Тарых эстелиги», «Атай», «Жол», «Таабалды-Пудовкин», «Болот калем» ж. б.) адабиятчы-окумуштуулар тарабынан тарабынан аныкталып, тарыхый чындыктын көрсөтүлүш деңгээли боюнча мүмкүнчүлүктөрүнө баа берилип, каармандарды сүрөттөө аракеттерине талдоо жүргүзгөн абал жетиштүү эле. Бирок малчылардын, дыйкандардын турмуштук абалына, совет бийлигинин орношуна, чыңдалышына байланыштуу окуяларга таянып жазылган чыгармалар азыркы учурда баштапкы актуалдуулугун жоготуп, ага тиешелүү окумуштуулардын илимий жактан баа берүү аракеттерине толуктоо керектигин далилдөөдө. Ушундай эле көрүнүштү "тарыхый-революциялык" жана "тарыхый романдар" деп аталган көлөмдүү чыгармалар боюнча да айтса болот. Маселен өз мезгилинде кыргыз адабиятына аталган жанрдын жаңы тиби катары сыпатталган романдар («Жашагым келет», «Жаңырык», «Боордоштор», «Түпкүрдөгү нур», «Өрттүү кечүү», «Кызыл жалын» ж.б.) жарыкка чыккан мезгилинде ошол доордун талабына ылайык жанрдык белгилери боюнча тарыхый роман жанрына кирип калганы менен алардын азыркы учурда ошол касиетин, адабий коомчулукка керектүү тарыхый мазмунун сактап калуу мүмкүндүгүнүн жетишсиздиги реалдуу көрүнүшкө методологиялык жактан туура мамиле керектигин ачыктайт. Ушундай эле пикирди К.Баялиновдун «Боордоштор» романына байланыштуу айтса болот, б.а. чыгарманын тарыхый-хроникалуулугу - Орто Азия, Казакстанда Октябрь революциясынын жеңишин, совет бийлигинин чыңдалышын тарыхый летопис катары чагылдыруу менен тарыхта болгон адамдардын көркөм образдары аркылуу замандын жаңылануусун кеңири көрсөтүү аракети бүгүн маанисин жоготконун эске алсак, жазуучунун өз заманында жетишкен ийгиликтери катары бааланган чыгармачыл түйшүгү кеп кылууга арзыбайт. Доордун өзгөрүүсү, замандын жаңыруусунда өзүнүн актуалдуулугун жоготкон мындай көркөм интерпретациялоо касиеттери конкретттүү чыгармага карата гана болбостон, бүгүн алдыда турган проблеманы туура түшүнүүгө жана мындан аркы талдоо жумуштарын сапаттуу уюштурууга да маанилүү кызмат кылаары талашсыз чындык.

4. Методологиялык принциптер коомдук-саясий түзүлүштүн жаңылануусу менен дайыма алга жылып турат. Бул кыргыз адабият таануу илимине да таандык болуп саналат. Адабий чыгармачылыкта тарыхый чындыкты көркөм интерпретациялоо маселесинде да анын орду зор экени талашсыз. Маселен, ал Кыргызстандын эгемендүүлүккө ээ болушу менен түздөн-түз байланышкан идеялык-эстетикалык жаңылануулар аркылуу түшүндүрүлүүгө тийиш. Аны объективдүү жагдайлар менен айкалыштырып караштырсак, Кыргызстандын XX кылымдын акыркы чейрегинде саясий жактан жаңылануусу, б. а. анда Молдо Кылычтын, К.Тыныстановдун адабий мурастарын кайра кароого тиешелүү ойлордун кыргыз коомчулугунда талкууга алынышы, айрыкча акын-жазуучулардын тарыхый жаңылануута принципиалдуу турушу, анын натыйжасында Калыгул, Арстанбек, Молдо Кылыч, Молдо Ныяз, ж. б. акындардын адабий чыгармаларын, Б.Солтоноев, О.Сыдык уулу, И.Арабаев, ж.б. агартуучулардын эмгектерин "актоо" маселелеринин көтөрүлүшү адабий-тарыхый ой жүгүртүүгө жаңы багыттарды киргизген болсо, анын негизинде жарыялана баштаган тарыхый чыгармаларды таанып-билүү шарттары өзгөрдү. Республикада анын таасиринде пайда болгон демократиялык түзүлүш улуттук адабияттын мазмундук жактан жаңылануусуна объективдүү жана субъективдүү себептерди жараткан болсо, илим-билимдин, маданият менен адабияттын түптамырынан өзгөрүүсүн шарттоочу сөз эркиндигин алып келип, өлкөдө тарыхты таанып-билүүнүн [4] жаңы тенденциясы түзүлдү. Анын адабий чыгармачылыкты таанып-үйрөнүүнүн методологиялык принциптерин улуттук көркөм-эстетикалык ой жорумга киргизсе, ал өз кезегинде кыргыз элинде мурда кепсөзгө алынбай келген тарыхый инсандар (Курманжан датка, Байтик, Шабдан, Кыдыр аке, Балбай, Тайлак ж.б.) боюнча көлөмдүү чыгармаларды жазууга жагымдуу жагдайды жараткан. Мында кыргыз элинин мамлекеттүүлүгүнө тиешелүү тарыхтын "актай барактарына" көркөм элестөө аркылуу айрым тактоолорду киргизүү жагы маанилүү орунга чыгып, ал адабий чыгармачылыкта салтка айланган кээ бир түшүнүктөргө тактоо жумуштарын жүргүзүп, анын негизинде адабий өнүгүшкө таасирин тийгизген бир катар дүйнө кабылдоо жалпы журтка тараганын белгилей кетели. Бул багытта республикада аткарылган иш чаралар адабий чыгармачылыкта оор кризиске кабылган көркөм-эстетикалык дүйнө таанымдын ачык талкууга түшүүсүн камсыздап, адабият жана искусство тармактарында мурда тыюу салынып келген бир катар көз караштардын өз ордун табууга жол ачкан. Анын натыйжасында бийликтин керектөөсүн аткаруу менен кептелген руханий кризистен чыгуу жолдору түптөлүп, тарыхый романдык сюжет түзүүдө, анда тарыхый образдын өздүк белгилерин чагылдырууда

Т.Касымбековдун «Сынган кылыч» романы жетишкен ири табылгаларды чыгармачылык менен өздөштүрүү, азыркы коомдун кызыкчылыктарына кыргыздын өткөн турмушун тарыхый жактан таанып-билүүнү айкалыштыруу коомдук-социалдык чөйрөдө катуу талкуулар менен коштолуп кабыл алынышы адабий процесстеги так жана туура түшүнүү үчүн маанилүү кызмат көрсөтө баштаган. Ал ошол учурда жазыксыз репрессияга туш болгон кыргыздын белгилүү инсандарынын иштерин көркөм чындык аркылуу окурманга жеткирүү, бир мезгилде катуу сынга алынган көз караштарды жандандыруу, себепсиз жарыкка чыгарылбай келген чыгармачыл адамдардын, коомдук ишмерлердин кайрадан элдин тарыхына келип киришин камсыздоочу көркөм образдарды дүйнө кабылдоонун түрдүү чеберчилигинде түзүү ошол жылдары жарыяланган чыгармалардан орун алышы мурда иштелип чыккан методологиялык принциптерге толуктоо керектигин ачыктады. Мындай өзгөрүүлөргө дуушар болгон адабий чыгармаларды талдоо маселелери тарыхый чындыкты көркөм интерпретациялоонун башта калыптанган принциптерине кошумча түшүндүрүү иштери илимий-теориялык мазмунда керектигин күн тартибине койгон болсо, аны ишке ашыруунун жолдору адабият таануу илиминде аныкталган методологиялык принциптерге шыкап киргизилген саясаттын кийлигишүүсүн жокко чыгаруу аракетин да көргөн. Мунун өзү көлөмдүү прозада тарыхый теманын жаңы тепкичке көтөрүлүшүн шарттап, “Келкел”, “Көчмөндөр кагылышы”, “Жортуул”, ж. б. тарыхый романдардын кайрадан иштелишине тикелей таасирин тийгизген себептерин ачууда, ошол эле мезгилде тарыхый окуялардан турган прозалык чыгармаларды жаратууда өз салымдарын кошкон жазуучулар – Н.Байтемиров, Ө. Даникеев, Ш. Абдраманов, С. Өмүрбаев, Ш. Бейшеналиев, К.Сактанов, К.Осмоналиев, М.Мураталиев, З.Сооронбаева, К.Жусупов, К.Жусубалиев, А. Жакыпбеков сыяктуу жазуучулардын чыгармаларында кандай көркөм интерпретациялоо мүмкүнчүлүгүн аныктоодо практикадан теорияга баруу жолдорун да тактоого жол ачат.

**Адабияттар:**

1. Байжигитов К. Кыргыз адабий сынынын тарыхы. - Б.: 1992, 74-бет.
2. Асаналиев К. Көркөм нарк. - Ф., 1988. - 135-бет.
3. Артыкбаев К. XX кылымдагы кыргыз адабиятынын тарыхы. - Б.: ТАС, 2004. - 286-307-беттер.
4. Эркебаев А. Кыргыз поэзиясы кылымдардын кыйырында. / Китепте: Адабият жана илими дүйнөсүндө. - Б.: Полиграф-ресурс, 2018. - 6-38-беттер.